# 23-сентябрь

## Мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлгөн

# “АКЫЛ ОРДО”

## Интелектуалдык оюнунун

# *СЦЕНАРИЙИ*

**Кыргыз тили жана адабияты мугалими:** **Алаку[illegible] А.**

***МАСЫ 2018***

## I бөлүк

*Суроо жооп бөлүгү*

Кыргызды элге тааныткан

Сыймыгы “Манас” кыргыздын

Санжыра айтса чубатып

Санаты “Манас” кыргыздын.

Анда “Манас” эпосу боюнча суроолор жазылган баракчалар бар, бирден аышып, суроолорго жооп беришет.

1. *“Манас” эпосун биринчи ким айткан?*
2. *Манас кайсы жерде төрөлгөн?*
3. *Семетей атасын кимден уккан?*
4. *“Манас” эпосунун темасы*
5. *Семетейдин минген аты?*

## II бөлүк

Алып баруучу Садырбаева Жасмина:

Кадимден айтып келаткан,

Ата-баба салты бар.

Макал айтып жырышып,

Жеңип алган салты бар.

*Макалдын жарымын улап кетүү эрежеси менен ойнолот.*

Төмөнкү кагаздарды алгыла, анда жазылган

1. Убадасыз кишиден, (жүрүп кеткен жел артык)
2. Эмгекчинин эмгеги байлык-(билимдүүнүн пикири байлык)
3. Илим- тозбогон кудук, (белбеген киши дудук)
4. Куш жаңылса торго түшөт, (эр жаңылса колго түшөт)
5. Баатыр туулса (эл ырысы)
   Жамгыр жааса (жер ырысы)

Алып баруучу Садырбаева Жасмина калыстар тобунун баасын көтөрүүсүн суранат.

***“Тил укумдан-тукумга көчөт болот***

***Тил өмүрдү өчүрбөс өзөк болот”***

*деген темада 8-класстар ортосунда өткөрүлгөн*

# Акыл Ордосу

**Алып баруучу:**

Кымбаттан кын алышып бүткөн тилим,

Кылымдап азиз элим күткөн тилим.

Төрөлүп, бул дүйнөгө көз ачканда,

Жаралып жаным менен бүткөн тилим.

Урматтуу мугалимдер жана окуучулар 23-сентябрь тил майрамына карата ***“Тил укумдан-тукумга көчөт болот, тил өмүрдү өчүрбөс өзөк болот”*** деген темадагы 8-класстар арасында өтөрүлгөн акыл орда акыл таймашына куш келиңиздер!

Биринчиден катышкан окуучулар менен таанышып, аларды оюнубузга чакырып алалы:

| Классы | Аты-жөнү |
|---|---|
| 8а | Сагынбек к. С. |
| | Камбаров Н. |
| 8б | Бурканова А. |
| | Самидинов Б. |
| 8в | Калмурзаева А. |
| | Эргешов Б. |
| 8г | Кадыралиева А. |
| | Назиров С. |
| 8д | Мамарасулова Г. |
| | Ашимов С. |

Эми сиздерди кадырлуу калыстар менен тааныштырайын.

| Калыстар тобу |
|---|
| Асанбаева Арзыкан |
| Сатыбалдиева Гүлай |
| Абдисаматова Махабат |

## III бөлүк

Алып баруучу: Эми обондуу ырларга кезек келди.

Сайраса комуз күүлөрү
Жарышып сайрайт тилдери
Шаңкылдап колдо турганда
Кубултайт мукам үндөрү.

Өзүңөр төмөндөү кагазга ырдар жазылган алгыла.

**Кара шоро**

Караш шоро кенен жайлоо,
Эс алганы барганда.
Достор менен көңүл ачып,
Оюн күлу салганда.
Кара шороо кооз жайлоо,
Аба салкын арашан.
Кел курбулар бул жай лоого,
Эс алууну кааласаң.

**Ала-Тоо**

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой кырларды нурга кошо.
Уулусуң кыргыз жери нурдан бүткөн,
Сулуусун кыргыз жери ырдан бүткөн.

**Таласым**

Токоюң бойлоп баратсам,
Суктанып мени караткан.
Алыстан келген адамдар,
Кеткиси келбейт Таластан.

**Өмүр**

Ат арыбас болсочу ой,
Жаш карыбас болсочу ой.
Жаратканың чың болсо,
Деги жай жайына койсочу ой.

**Нарындан жазган салам кат**

Жаш элек шайыр шаттанган,
Алыска сапар аттанган.
Кылкылдап поезд бартса,
Кылгырып көздөн жаш тамган.

Алып баруучу Садырбаева Жасмина:

Азыр 8б-класттын окуучусу

Бурканова Айзирек “Курманбек” эпосунан үзүндү айтып берет.

# V бөлүк

Алып баруучу Садырбаева Жасмина:

Сөз сүйлөсө алдына киши салдырбай

Олжону бекер алдырбай

Жаңылмач айтып беришет

Ушул турган окуучулар.

Эми урматтуу калыстар. Окуучулар берилген жаңылмачтарды такалбай үч жолу айтышат.

1. Ал аралда да марал
   Бул аралда да марал
   От экен арал да марал
   Оттосун аралга да марал

2. Беш кара бала
   Беш карга карга карга
   Кара балдар кара карганы көрдү
   Кара каргалар кара балдарга көндү

3.Күндүн кызы- Күмүшай
Айдын кызы- Алтынай
Алтынай менен Күмүшай
Биринен өтүп бири ай
Айдай кыздар пай-пай

4.Бир түн тыт,
Бир түн менен
Тыт түрптү түртүп турат
Түрп тытты түртүп турат.

5.Бир ак калпак
Эки ак калпак
Үч ак калпак
Төрт ак калпак.

Алып баруучу: Калыстар тобу эки акыркы жаңылмачтар тобуна жана обондуу ырларга бааңызарды берип коюңузду суранабыз.

Калыстар бааларын коюшат.

Кадырлуу калыстарга сөз берилет жана иш чара сыйлоо аземи менен аякталат.